**2021-2022-окуу жылынын 3-чейрегинде алып барылган окуу-тарбиялык иштери боюнча 4-педагогикалык кеңешмешмеге маалымат.**

**2021-2022- окуу жылынын 3-чейреги 46 окуу күнүн түздү. Чейрек башында окуучу саны 308 окуучу болса, чейрек аягында 309 окучуу окууду. Чейрек ичинде 2 окуучу 7-класска келди, 1-класстын 1 окуучусу кетти.Даярдоо классында 45 окуучу окуйт. Мектеп боюнча кыздар саны чейрек башында 150, чейрек аягында 151ни түздү.Билим сапаты 2-11-класстарда 51,3%, 10-11-класстарда 48,6 %, 5-9 класстарда 47,3 %,2-4 класстарда 597% ти түздү. 2- чейрекке салыштырмалуу мектеп боюнча билим сапаты 2-чейректк 46,7 %, болгондуктан 4,9% көтөрүлгөн. 3-чейректе 2-класс окуучулары да бааланып билим сапаты 59,6% түздү 3,4 –класстарда билим сапаты өзгөрбөгөн,4-класстарда - 11-класста (43, 8-37,5) 6,3 %, 5-класстарда (51,5-48,5) 3%, 6-класста 2,6 %, 7-класста 7 %, 8- класста 5% 10-класста 5% 11-класста (43, 8-37,5) 6,3 %га көтөрүлгөн**

| классы | Окуучу саны | Чейрек ичинда келди | Чейрек ичинда кетти | 2-чейректе билим сапаты | 3-чейректе билим сапаты | Салыштырмалуу өзгөргөнү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 36/18 | | 1 | | | |
| 2 | 42/24 | | | | 59,6 | |
| 3 | 24/6 | | | 62,5 | 62,5 | |
| 4 | 21/10 | | | 57,1 | 57,1 | |
| 1-4 | 124/58 | | 1 | 59 | 59 | |
| 5 | 33/17 | | | 48,5 | 51,5 | +3 |
| 6 | 39/18 | | | 50 | 52,6 | +2,6 |
| 7 | 33/22 | 2 | | 45,5 | 51,5 | +6 |
| 8 | 24/12 | | | 37,5 | 42,6 | +5,1 |
| 9 | 23/8 | | | 30,4 | 30,4 | |
| 5-9 | 151/77 | 2 | | 43,6 | 47,3 | +3,7 |
| 10 | 19/11 | | | 47,4 | 52,6 | +5,2 |
| 11 | 16/6 | | | 37,5 | 43,8 | +6,3 |
| 10-11 | 35/17 | | | 42,9 | 48,6 | 5,7 |
| 2-11 | 271 | 2 | | 46,7 | 51,3 | 4,6 |

**3-чейректе окуучулардын сабакка катышуусу 2- чейрекке салыштырмалуу жакшы болгондуктан, билим сапаты да көтөрүлдү. Мектептин жылдык планынын негизинде 3-чейректе «Алтын тамгага кадам» сынактары өткөрүлдү. 9,10,11 -класс окуучулары «Алтын тамга» сынактарынын райондук денгелде өткөрүлгөн пробный тестине катышип келишти. Предметтик олимпиаданын 10-11 класстар арасында өткөрүлгөн райондук , 2-турунда мектебимиз окуучулары география предметинен 3-орунду, кыргыз тили предметинени 3- орунду ээлешти. Окуучулар арасында «Манас» эпосун үйрөнүү боюнча райондук деңгелде өткөрүлгөн мелдеште кыргыз тили мугалими Гоипова Хулкархон жетектеген биздин мектебимиз окуучуларын командасы утуп алып, областтык мелдеште катышуу мүмкүнчүлүгүн колго киритишти. Математика предметинен «Алтын түйүн» онлайн олимпиадасынын 1,2- турларында 3-8 класстын окуучулары активдүү катышып, алдынкы орундарды ээлешти.Баардыгы мектеп боюнча 32 окуучу катышып, 2-турдо 19-окуучу эң жогорку 60 баллдан алышты. АКМО олимпиадасыда да окуучуларыбыз жакшы жетишкендиктерге ээ болушту. Областтык турго катышуу мүмкүнчүлүгүн 9-окуучубуз колго**

**киритишти , алардын ичинен 6- класстын окуучусу Зокиржонов Шахзодбек областта 2- орунду ээлеп, АКМО олимпиадасынын республикалык турунда катышуту мүмкүнчүлүгүн колго киритти. 5- класс окуучусу Баймырзаева Хадичахондын алган баллдары жакшы болуп алдынкы окуучулар катарында турат. 2022-жылдын 29 –мартында 5-9 –класстар арасында предметтик олимпиаданын райондук финалдык этабына 23 окуучу катышты. Спорт боюнча мектеп лигасинда кизлар курама командасы ийгиликтуу катышып, баалуу сыйлыктар алышты. Кочкор –Ата шаарында өткөрүлгөн 1-лига стол үстүндөгү теннис боюнча мелдештин областтык турунда 10-класс окуучусу Торахожаев Хусанбой 1- орунду ээледи.**

**2021-2022- окуу жылынын 3-чейрегинде пландаштырылган иш чаралар , спорттук мелдештер, ачык сааттар негизинен өткөрүлдү. Аткарылбай калгандары февраль айында орус тилинен ачык сабак, математика предметинен «Билимдүү окуучулар» деген темада КВН.Ар бир усулдук бирикме жылдык пландарын негизинде иш алып барганга аракет жасап, усулдук бирикмелерин чогулуштарын өткөрүп, токтомдарын жазып барышууда. Тилдик – социалдык багытындагы предметтер усулдук бирикмесинин иштери мактоого татыктуу. «Окуу керемет» долбоорун негизинде мектепте иш алып барылууда. Пландаштырылган сабактар өтүлүп, «СабакААР» тиркемесы аркылу анализдер жүргүзүлүүдө. Мугалимдердин 3-чейрек боюнча отчетторун тапшырылышы боюнча төмөнкү натыйжалар белгиленди. Журналдардын толтурулушу алдынкыга караганда жакшы. Бирок эстетип коюш керек-чейректен бир күн мурда текшерүү иштерин албастык керек. Текшерүү ишин баасын коюп, артынан чейрек чыгарганга туура келиб калат.Сабакка анализге кирүү жакшы эмес. Жаш мугалимдер Тохиржанова Мунаввара, Ифтихоржон кызы Шодияхон, Жамолдинова Гулбаралардин анализи аз . Жаш мугалимдерге бириктирилген насаатчи мугалиимдер арасындагы байланыш талапка жооп бербейт. Анализ дептерлерин көрсөтпөгөн мугалимдер Камалова Нилуфар, Гоипова Санамхон, Мамажонова Висола. Мектепте ийримдердин өтүлүшү боюнча Юлдашева Нодиранын география, англис тили предметинен Мадумарова Мехриниса, Мамажонова Висоланын ийримдери, Ифтихор кызы Шодиянын сүрөт ийрими жакшы иш алып барды . 4- чейректе мугалимдердин алдында 11-класс окуучуларын ЖРТгө даярдоо боюнча жооптуу милдеттери турат . ЖРТгө катышуучу окуучулардын тизмеси такталган, аларга мугалимдер бириктирилген . Мугалимдерден жоопкерчиликти сезип, окучуларды даярдоого жакшы көңүл бериб милдеттерин аткарыштарын эстетиб кетемин.**

**2021-2022- окуу жылында өткөрүлгөн олимпиада жана мелдештердин областтык жана республикалык түрүндө катышкан окуучуларды дардаган мугалимдерге чоң ыразычылыгымды билдиремин. Алар Юлдашева Нодира, Гоипова Хулкархон, Базарбаева Зухрахон, тожибаев Шерзодбек.**

ОББ: [signature] Д. Исмоилова

2-чейректе 34 күн окулду. Мектепте 2- чейректин башында1-11 класстарда 311, даярдоо классында 44 , чейрек аягында 1-11 класстарда 308, даярдоо класстарда 45 окуучу окуду.Чейрек ичинде мектептен 3 окуучу кетти, даярдоо классына 1 окуучу келди, Мектеп боюнча окуучу саны 313та. 3-11 класстарда билим сапаты 46,7 %, эң жөгөркү билим сапаты 3- класста 62,5% ,4- класста 57,1% 5-9класстардан 6- класстарда 50%, 5-класстарда 48,5% 10- класста 47,4 % түздү. Билим сапаты эң төмөн 9-класста 30,% , 11,8-класстарда 37,5 % 2-чейректе аймактык олимпиада өткөрүлүлдү. Аймактык түрдөн райондук түргө 4-окуучу өттү. «Алтын тамга»га кадам сынагын 1- этапы өткөрүлдү, 2-чейректин жыйынтыктары боюнча мугалимдердин отчеттору алынды Журналдар , окучулардын делолору , календардык пландар, ийрим жана олимпиадага даярдоо боюнча иш кагаздар карап чыгылды. Календардык пландарга мектептин жана мугалимдин предмети боюнча проблемалар жазылбагандыгы, ийримдардын пландариндагы сабактардын числолору коюлбагандыгы, окуучулардын делолорунда келишимдер жоктугу аныкталды.Келтирилген кемчилдиктер боюнча ар бир мугалимге эскертүүлөр берилди Сабакка катышуу боюнча 11 мугалимдин анализ дептерин каралды. Анализ дептердери толтуруу боюнча кемчилдиктери бар мугалимдерге түшүндүрүү иштери жургузулду. Негизинен жаш мугалимдер сабакка анализ берүүдө кемчилдиктер келтиришкен. Мектеп боюнча сабакка катышуу 8,7процентти түздү. Жаш мугалимдер менен иш алып баруучу насаатчы мугалимдер өздөрү бириктирилген жаш адистерге көбүрөк көңүл бүрүп, алардын сабагына жумасына кемида 2-саатдан катышып, документация иштерин жургузууну үйрөтүп барышларын кайра эскертип кетемин. Журналдарды төлтүрүдө баа нормаларын сакталышы керек. Ар бир сабакта эң аз баалаганда 5окуучуну баалоо керек. Ийримдердин өтүлүшүн талапка жооп берет деп айта албаймын. 3- чейректе окуучуларды олимпиадага, «Алтын тамга»га ,ЖРТгө даярдоону колго алуу керектигин эскертемин.

Окуу тарбия иштери боюнча

директордун орун басары: Д. Испоилова

№46 « Багы-Шамал» жалпы орто билим берүүчү мектебинде 2021-22 окуу жылында англис тили предметин окутулушу боюнча педкеңешмеге мааламат.

Мектепте англис тили предметини Мадумарова Мехриниса жана Мамажонова Висола эжелер сабак өтүшөт. Мадумарова Мехриниса эженин жумалык жүктөмү16 саат № 11,10,9,8,7 жана 5-класстарда сабак берет. Иш пландары жазылган, конспекттарды системалуу жазат, дептерлердин журутулушу абдан жакшы, көрсөтмө куралдар жеткиликтүү. Эженин тажрыйбасы коп ,жаш мугалимдерге ар дайым өзунүн кеңештаин берип, усулдук жардамын аябайт. Мехриниса эже райондук деңгелде тренингдер өткөрүп , иш тажрыйбалары жаштарга үйрөтүп келе жатат. 16декабрь күнү 7-класстарда , 20-декабрь күнү 10-класста,21-декабрь күнү 5-«а»класстагы 23- декабрь күнү 5-«б» класстагы 24-декабрь күнү 9-класстагы сабактарына катыштым. Мугалим өз предметин жакшы билет, методикалык тараптан тажрыйбасы жеткиликтүү.Окуучулардын сабактагы иш аракеттери алдындан пландаштырылган, убакттан үнөмдүү пайдаланылды. Мехриниса эже класстан тышкаркы иштерды да ар дайым системалуу алып барат.Англис тили предметин окутулушу боюнча Мадумарова Мехриниса эженин англис тили сабактарын өтүлүшүн «эӊ жакшыә дае бааладым Мамажонова Висолахон 3,4,6,7-класстарда сабак берет.Англис тили предмети боюнча жумалык жүктөмү 13 саат Мамажонова Висоланын16 декабрь күнү 6-«б» классындагы, 23 декабрь күнү 6-«а» , 6»б» класстагы жана 3-класстагы сабактарына катыштым. Висола жаш болгондыктан методыкалык жактан көмөкка муктаж. Сабакты пландаштырууну, убакыттан үнөмдүү пайдаланунуу, окуучулар менен иштоонун ыкмаларын тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына көбүрок катышып үйрөнүшүү керек. Мен катышкан сабактарда таблицалардан, телевизордон пайдаланып сабак өтүлдү. Сабактын башында окуучуларга сабактын максатнын, балоонун критерийлерин айтып, сабакты баштоокерек. Текст менен иштелгенде сүрөлөргө жоопты окуучулардын эне тилинде эмес, англис тилинде айтылышы керек. Үй тапшырмасын окуучуларга жеткиликтүү кылып түшүнтүрүү керек. Мамажонова Висола өз үстүндө көбүрөк иштеп, сабактарга жакшы даярданышы керек. Мамажонова Висоланы англис тили предметин окутулушу боюнча алып барган иштерин «канааттандырардык» деп баалаймын.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Д. Исроилова

2021-22 окуу жылында «Багы –Шамал» мектебинде предметтик олимпиаданын жыйынтыктары боюнча маалымат


Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн 2021-жылдын 22- октябрындагы №176\2 «2021-2022-окуу жылында жалпы билим берүү мектептеринин 3-4,5-8,9-11 –класстарыынын окуучуларынын арасында предметтик олимпиадасын өткөрүү жөнүндө» буйругу негизинде мектепте 1этабы олимпиада 25,26,27 октябрь күндөрү өткөрүлдү.предметтик олимпмиаданы өткөрүүдө тесстик суроолорду жогорку деңгелде даярдалышын, математикалык логикалык суроолорду , кыргыз тилинен аңгемени окуп түшүнүгүн жазуу, физика, химия,биология предметтеринен лабораториялык иштерди бирдиктууу алып барылышын колго алууну мугалимдерге иапшырылды. Ар бир предметтик тапшырмаларды даярдалышын усулдук бирикмелерде каралып чыгылды. Мектепте олимпиаданы өткөрүүнүн графиги түзүлүп, график негизинде предметтик олимпиадалар өткөрүлдү. 1-этаптын жыйынтиктары чыгарылып, олимпиаданын 2- этабына катышуучу окуучулардын тизмелеры такталып, райондук билим берүү бөлүмүно өтүнүч катттары жөнөтүлдү. ( тизме тиркеме менен берилет) Ала- Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн 2021-жылдын2-декабрындагы №195/2 «2021-2022 окуу жылында жалпы билим берүүчү мектептеринде 10-11класстарынын окуучуларынын арасында Республикалык предметтик олимпиаданын райондук 2- этабын 1- бөлүгүн өткөрүү жөнүндө»буйругу негизинде 2021-жылдын 11-декабрында окуучуларыбыз олимпиадага катышты. Олимпиадага мектебимизден 10-11 класстардын 20 окуучусу катышты. Алардан математика предметинен 10-класс окуучусу Хожиханова Хожиябону, кыргыз тили предметинен 10-класс окуучусу Рустамова Шахризода, 9- класс окуучусу Маруфжон кызы Мухлиса , география предметинен Султонхонов Абдурасулхон предметик олимпиаданын райондук этабында катышуу мүмкүнчүлүгүнүн колго киритишти. Мектепте ар бир предмет мугалими окуучуларды олимпиадага даярдоо боюнча жылдык иш пландарын түзүп , олимпиадалык топторунда окуу жылы ичинде үзгүлтүксиз, системалуу олимпиадага даярдоону колго алышы зарыл. 3-чейректе 3-4, 5-9 класстардын олимпиадасын аймактык ижана райондук түрү өткөрүлүшү күтүлүүдө. Мугалимдерге алдында турган олимпиадаларга даярдөөгө басым жасаштарын талап кыламын

Окуу тарбия иштери боюнча

директордун орунбасары: Д.Исроилов

**2020-2021 окуу жылында математика предметинен 2020-2021 окуу жылында АКМО олимпиадасында окуучуларыбыз ийгиликтүү катышышты.6- класс окуучулары Хожиханова Валияхон, Кайимов Зийнатилло,Обиддинов Миржамол, 5-класс окуучулари, Азимжонова Мухтасарлар АКМО олимпиадасынын областтык турунда активдуу катышыкандыгы үчүн сертификаттар менен сыйланышты**

**2020-2021-окуу жылында окуучулардын райондук деңгелинде өткөрүлгөн мелдеште спорттун тогуз коргол туру боюнча уул балдар жана кыздар командасы3-орунду, стол үстүндө теннис туру боюнча уул балдар жана кыздар командасы 1-орунду , баскетбол боюнча уул балдар курама командасы 3-орунду ээлешти. 11-класс окуучусу Жураева Дилноза спорттун теннис туру боюнча областтык спартакиада 1- орунду ээлеп, республикалык деңгелдги мелдеште катышып, республикалык жеке биринчилик номинациясында 3- орунду багынтырды.**




**Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн 2020-жылдын 14-ноябрындагы «Жалпы билим берүүчү мектептеринде «Алтын тамгага кадам» сынагын өткөрүү жөнүндө» буйругун негизинде 4,7,9,10,11 –класстардын окуучулары арасында «Алтын тамгага кадам» сынагы өткөрүлдү. Мектепте жалпы билим берүү программалары боюнча бардык окуу сабактары боюнча чейрек, жылдык баалар «5»(эң жакшы) деген баадан төмөн эмес болгон окуучулар «Алтын тамгага кадам» сынагына катыштырилды. Мекте п педагогик жамааты менен «Алтын тамгага кадам» сынагын жобосу менен таанышып ,иштеп чыгылды. «Алтын тамгага кадам» сынагын өткөрүүдө төмөнкүдөй курамда комиссия түзүлдү.**

**Окуу тарбия иштери боюнча**

**директордун орун басары:** **Д.Исроилова**